УДК: 808.5

***Расулова М.М.**, ага окутуучу*
К.Карасаев атындагы БГУ

ТЕКСТТЕГИ ДИАЛОГДО ЭКСТРАЛИНГВИСТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН БЕРИЛИШИ

ЭКСТРАЛИНГВИСТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА В ХУДОЖЕСТВЕННОМ ДИАЛОГЕ

EXTRALINGUISTIC MEANS IN THE LITERARY TEXT

***Аннотация**: Бул макалада көркөм тексттеги диалогдо тилдин өзгөчө каражаттарынын берилиши жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр**: диалог, коммуникативдик жүрүм-турум, экстралингвистикалык каражаттар,*

***Аннотация**: В данной статье рассматривается вопросы использования особенных средств языка в художественном диалоге.*

***Ключевые слова**: диалог, коммуникативное поведение, экстралингвистические средства.*

***Abstract:** This article deals with the use of special means of language in an artistic dialogue.*

***Key words**: dialogue, communicative behavior, extra-linguistic means.*

Чындыкты таанып билүү чөйрөсүндө адам кандайдыр бир ниетин ашке ашыруу үчүн тилди пайдаланары шексиз. Көркөм текстте автор кадыресе кырдаалды сүрөттөп, анда каармандардын социалдык мамилелери, сыртку кырдаалдар, аракеттери көрсөтүлөт. Ошондуктан жазуучулардын чыгармаларында диалог каармандын өзүн-өзү ачуу ыкмасы катары мүнөздөлөт. Каармандын социалдык макамы, жеке мүнөзү, түзүлгөн кырдаалга карата ийкемдүү келиши мүмкүн. Кыргыз дүйнө таанымында каармандын коммуникативдик жүрүм-турумуна мүнөздүү болгон негизги көрсөткүчтөрү: ачык-айрым, мамилечил, ак ниет, агедил, намыскөй мүнөз, эмоционалдуулук, улуу-кичүүгө болгон ызаат мамиле – кыргыздын улуттук менталитетти чагылдыруучу мүнөзүндөгү бөтөнчө көрүнүш. Көркөм тексттеги ушул мүнөздүү бөтөнчөлүк диалогдо кеңири ачылат да, образды таануунун дагы бир куралы болуп калат.

1) Экстралингвистикалык каражаттар

Кыргыздардын диалог куруу мүнөзүнүн улуттук бөтөнчөлүгү – кайрылуудагы өзгөчө сөз топтомдорун колдонгондугунда:

- Угуп тур, карлдым! Анан жакшылап көкүрөгүңө түйүп ал. Кийин эр азамат болгондо да, бул жомокту эсиңден чыгарба?

- Жарайт, апаке! Эч качан эсимден чыгарбайм. (А. Стамов, «Кеч күздө»).

- Балам! – Султаналы сөзгө катышты. – Бул иттин күнөөсүн кечип кой?

- Оо, оозуңдан айланайын, Султаке! – Чырым ага да жалына баштады – Абышкалар айылыбыздын берекеси... Силердей кутмандуу кишилер турганда биз бактылуубуз. (К. Каимов, «Сагынган айыл»).

- Тилегиңден тегеренейиним. Аман-эсен эле жүрсөңөр, жетээрсиңер.

- Ошентебиз, ээ. Мен шаардан орус балдар менен окуйм. (Ш. Бейшеналиев, «Кычан»).

- Аа... алдыңа кетейин, жанымдасыңбы? – деди.

- Ооба, ата, жаныңдамын... (Б. Усубалиев, «Түн»).

- Байкабай калыпмын, качан тумоолоп калдың, садага болоюн? Айтпайсыңбы унчукпай жата бербей, - деди ал кайра балага үйрүлүп. Кечинде башың оорудубу?

- Ооба, кечкурун. Суу жээгиндеги маралдарды көрбөдүмбү, анан сага жүгүрүп келбедимби. Ошондон кийин эле күчүм кетип калды, башым ооруду... (Ч. Айтматов, «Ак кеме»).

- Эне, былтыр Дакен, Какен болуп ойноп келип ушул жерден жылан өлтүргөнбүз, - дедим.

- А балакетиңди алайын, андай кылчу эмес, жыланды да кудай жараткан, кудай аны өлтүрсүн деп жараткан эмес, - дейт энем. (Ш. Дүйшеев, «Агындылар»).

- Ээ, айланайын Сыдыке, сизди чоң казатка жиберип жаткан жерибиз жок го, эмне үчүн андай сүйлөйсүз?

- Жок, кагылайындар, мен ошол жерге барсам эле каза табам... (М. Байжиев, «Кара курт»).

Бул диалогдордо жаш курагында айырма бар адамдардын бири-бирине карата астейдил кайрылуусу *каралдым, балам, оозуңдан айланайын, алдыңа*

кетейин, садага болоюн, балакетиңди алайын сыяктуу экстралингвистикалык каражаттар менен чагылдырылышы улуттун тилдик бөтөнчөлүгүнөн кабар берип турат. Бул сөздөр шаблондуу калыпка салынып калган да, алардын колдонулуу чөйрөсү, башкача айтканда, адресаты адресанттын турмуш таануусундагы аздектеген баалуулуктары болуп саналат.

Нускалуу кыргыздын улууга карата сый, кичүүгө карата, анын курагы кандай гана жаш болбосун, аздектөө мамиле эзелтеден келе жаткан каадасы болгон. Улууга да, кичүүгө да ызаатын сактап, айрыкча балага карата жогорудагыдай тил каражаттарын колдонуу, биздин оюбузча, баланын өмүрүн сырткы күчтөрдүн таасиринен сактоо, коргоо ниетинен келип чыккан. Анткени кыргыздын балага карата колдонгон каада-салттары, үрп-адаттары вербалдык же бейвербал каражаттар менен коштолуп, алардын негизги милдети – баланын өмүрүнүн коопсуздугунун сакталышы. Бирок акыркы диалогдогу *айланайын* мааниси жалынып-жалбаруу эмес, жөн гана кайрылуу же жеңил какшык мааниси, башкача айтканда, бул сөз кырдаалдык-контексттик кызматты аткарат.

Диалог жогорудагыдай тилдик каражаттар менен катар, анын карама-каршы маанисиндеги көрүнүштөрдү да чагылдырат. Сүйлөшүүнүн ар кандай кырдаалына, психологиялык абалдын ар кандай сүрөттөмөсүнө ылайык төмөндөгүдөй экстралингвстикалык каражаттар да кездешет:

- *Тек, антип айтпа, оозуңа таш!* (Ч.Айтматов, «Атадан калган туяк»).

- *Жогол дейм көзүмөн, болбосо, азыр элди чакыртып, териңди тескери сыйыртам! Каргышым соо койбосун сени ылайым! Көзүм көрбөгөнүм сен болсун! – деп жаалданган кемпир ичигин ийининен силкип таштап мага атырылды.* (Ч. Айтматов, «Делбирим»).

- *О, аты менен жерге кирсин! – Башыңдан айлансын!* – деп жиберди Картаңбай.

- *Ошону айт, абышка,-* деди нары жактан ыйламсыраган Сайкал. (Ч.Айтматов, «Биринчи мугалим»).

- *Өлүгүңдү көрөйүн, как баш.* Ак жүрөк болом деп жүрүп, кайсы жакшылык көрдүң. (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»).

- *Мен тиги...Буканы жаңы эле сугарайын...*

- *Кудай албайт, байке, бир күн суу ичпесе...* (Б. Усубалиев, «Бука»).

- *Тигини карасаң жашабагыр! Эмитеден куйөөлөп жүрсөң, кийин кайда барасың?* (М. Байжиев, «Бир тоголок самын»).

Экстралингвистикалык каражаттарды пайдаланууда адамдардын бардыгы тегиз эмес. Бул алардын жынысына, социалдык абалына, маданий деңгээлине көз каранды. Кыргыздын турмушунда *«өлүгүңдү көрөйүн»* сөз айкашы психологиялык өзгөчө абалда болгон аялдын лексиконуна таандык.

Биринчи репликадагы *оозуңа таш* сөз айкашы көп учурда табу маанисинде колдонулса, башка репликалардагы асты сызылган сөз айкаштары ошол тексттеги семантикасына ылайык каргыш маанисине ээ.

Кудай албайт тизмеги үчүнчү жакта айтылып, кыйыр экспрессивдик мааниде колдонулуп, адатта, кандайдыр бир терс мамилени берүүдө колдонулат. Ушул өңдүү маани *жашабагыр* сөзүндө камтылып, жалпы жонунан адресанттын субъектиге карата ошол жагдайда пайда болгон негативдүү мамилесин туюндурат.

Бирок айрым каражаттар каражаттар диалог өтүп жаткан жагдайга жараша какшык, келеке, кээде эркелетүү же сырдык сөз семантикасын да алып калышы мүмкүн:

- *Ой, өлүгүңдү көрөйүн, береки немени чыгарып жиберчи! Албарстыбы, желмогузбу?* (А. Токомбаев, «Жараланган жүрөк»).

Кыргыздар табигатынан агедил, ак ниет, кечиримдүү калк болот. Анын мүнөзүндөгү мындай көрүнүш жүрүм-турумунан, сүйлөгөн сөзүнөн тастыкталган. Мындай мүнөз Ч. Айтматовдун «Ак кеме» чыгармасындагы Момундун образында даана көрүнөт:

- *А, кокуй, тарс эсимден чыгып кеткен тура, - деп Орозкулдун жанына келди. – Мектептен баланы алмак эмес белем. Сабагы бүткөн маал болуп калган тура.*

- *Эмне кылайын бүтсө? – деди Орозкул каракүчкө камаарабаган түр менен.*

- *Ачууланба, балам. Устун буерде жата турсун, төмөн түшөлү. Сен үйгө барып түштөнө тур. Ал ортодо мен чаап барып келе коём. Баланы апкелип коюп, анан деле устунду суудан өткөрүп алабыз.* (Ч. Айтматов, «Ак кеме»).

Бул диалогдук биримдикте Орозкулдун камаарабаган, орой мамилесине карабастан, башы улуу болсо да, момун мүнөзүнө ылайык агедилдиги *ачууланба, балам* сөздөрү, дегеле, бүтүндөй тексттин тулкусунда Момундун момун мүнөзүнөн кабар берип турган нерсе автордук баяндоолордо берилет, айрыкча, диалогдордо каармандын кептик жүрүм-туруму анын бүтүндөй мүнөзүнө жана атына шайкеш келет. Бул диалогдо адресат менен адресанттын социалдык статусу да өзгөчө басымга ээ. Буга дагы бир мисал:

- *Эмне деп бежиреп атасың? – кыжырланды Орозкул. Азыркы бир коркунучту боюнан силкип таштап, ал кайра ызырына баштаган. – Баягы жомогуңду дагы баштадыңбы? Өзүң алжысаң элдин баарын алжыды деп ойлойсуңбу?*

- *Кудай акы, өз көзүм менен көрдүм. Кадимки асыл маралдар, балам, - деп Момун Орозкулдун кыжырын түйбады. – Же сен көрбөй калдыңбы? Көргөндөй эле болбодуңбу.* (Ч. Айтматов, «Ак кеме»).

Диалогдогу экспрессивдүүлүк наадандык, мерездик, «кордон ээсинин» адамдык парасатынын жоктугу анын кептик маскасындагы өзгөчөлүктөрү менен баса белгиленет. Орозкулдун репликасында адамды кемсинтүүчү *бежиреп атасың, элдин баарын алжыды деп ойлойсуңбу* сыяктуу келекелөөлөрү инвективалык лексиканы түзөт.

Кыргызда «Адам жумшагын адам жейт» деген сөзгө ылайык, Орозкулдун Момунга карата кырс, орой мамилеси тексттин тутумундагы дээрлик диалогдордо ырасталат.

2) Диалогдогу экспрессивдүүлүк, инвективалык лексиканын кездеши ар кандай кырдаалда түзүлөт да, ага жараша темасы аныкталат (***Инвективалык лексика*** – латынча инвектива (invectiva (oratio) - сүйлөшүүнүн адресатын же үчүнчү жакты кемсинтүү, сөз менен кордоо ниети камтылган тилдөө, кээр лексикасы, коомдук адеп-ахлак мыйзам ченемдерин бузган сөздөр жана айтымдар) Мындай лексиканы колдонуу

адамдын психологиялык, адеп-ахлактык бейнесин көрсөтүп, анын маданий деңгээлинен кабар берет.

- Эм-мне?! Алып барып берем?! Өзү келип алсын!.. Качып кеттиби, керек болсо өзү келсин! Же аны бирөө урбаса, жаман сөз айтпаса... Төшөккө сийип салганы чынбы? Чын! Мунун эмнесине качып кетет? Андай эле кыйын экен, намыскөй экен, санаасын бөлүп жатпайбы?..

- Энеңди урайын, ит, баарын бүлдүргөн сен турбайсыңбы, ыя?!.. Ушунуңду качан коесуң, ыя!.. Эмне үчүн сүйүнчүлөйсүң дейм?! Чарчаганынан коё берип коюптур... Ошонун... Эми кышты өзүң куй!.. (Б. Усубалиев, «Акча»).

Бул диалогдогу экинчи репликадагы инвективалык лексика (асты сызылган) адресантка карата ошол учурда түзүлгөн кырдаалга ылайык реакциясы, б.а. үй-бүлөлүк чыр-чатак. Үй-бүлөлүк чыр-чатакта агрессивдүү жанрдагы тилдик бирдиктерди колдонулушу мүнөздүү көрүнүш. Мында гендердик роль алсызыраак, ал эми эркектин кебине тийиштүү инвективалар кеңири колдонулуп кетет.

- Эгер сен минтип айкыра берсең, жумушту таштап кетип калам.

- Энеңди... бокмурун академик, сенсиз бул өрттөнүп кеткир Анархай өрттөнбөй тура берет, жер жутуп кетмек беле! Кет кетсең, тигине жолуң! Мунун каяшачылын, жыртык ыштан студент. (Ч. Айтматов, «Ботогөз булак»).

Бул диалогдо адамды кемсинтүүчү, намысына шек келтире турган инвективалар кеңири жайгашкан. Диалогдун катышуучусу Абакирдин репликалары анын психологиясынын, аң-сезиминин, мүнөзүнүн бейнесин тартып койгондой. Сөгүнүү сөздөрү көбүнчө эркектердин лексиконуна таандык, айрыкча кыргыз турмушунда "энеңди" деген сөгүнүүнүн эң орой формасы болуп саналат. Абакирдин жаш балага карата мындай сөздү колдонушу Абакирдин орой мүнөзүн, ал эми *бокмурун академик, жыртык ыштан* студент сөздөрү – какшыкчыл, кекээрчил сапатын берет. Албетте, Абакирдин репликаларында *академик* деген сөздө оң баа берүү максатын алып жүрбөйт, анда өтмө маани бар. Ал бүтүндөй репликанын тутумунда негативдүү боекчого ээ болуп калганы, ага жанаша келген *бокмурун* сөзү менен ырасталат.

Инвективалык лексиканы пайдалануу адресанттын мүнөзү, адамдык сапатына жараша ар кандай субъективдүү фактылардын коштолушун да шарттап калат:

- Өлүгүңдү көрөйүн, как баш. Ак жүрөк болом деп, кайсы жакшылык көрдүң. Андай ак жүрөк экенсиң келиниңдин ичин кантесиң! Ии, ал кайдан экен? Үйүңдө боозуган шерменденди көрбөй, эмне карап жүрөсүң? Окшошкон шерменделер! (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»).

Диалогдогу инвективалык лексика адамды кемсинтүү менен катар коркутуу боекчосуна да ээ, мындай оттенок буйрук ыңгай формасында же илептүү сүйлөмдөр менен берилет.

- Сасыган көркөө! Казыңды жарам. Жарды-жалчынын теңдиги колуңа тийгенин билбейсиңби? Сенин көзүңдү тазалаймын, көтөр колуңду. (Ш. Бейшеналиев, «Кычан»).

Казыңды жарам, көзүңдү тазалайм тизмектери, адатта, өтмө маанини алып жүргөн, шаблондуу экспрессивдик каражат.

Ушул эле форматтагы дагы бир мисалдын семантикасын карап көрөлү:

- Кана айтчы, б, в, п, ф кандай тамгалар экен?

- Бир тууган тамгалар!.. – дейт шаңдуу.

- Атаңдын башы!.. – дейт Алым кыжырдана. (Б Усубалиев, «Адрес»).

Бул диалогдук биримдиктеги экстралингвистикалык каражат – *атаңдын башы* өңдүү цензурага жатпаган лексика. Диалогдун жагдайына жараша бул сөздүн колдонулушу сөгүнүү эмес, учурдагы кыжырдануунун натыйжасындагы психологиялык келеке маанисин камтыйт.

Адамды кемсинтүүдө, намысына шек келтирүүдө инвективалардын жаныбарларга салыштыруучу лексикалык каражаттары да диалогдо жыш колдонулат:

- Түү, ит турбайсыңбы? – Кадыр дубалды бир муштады.

- Ит менен жашап ит болдум... (А. Стамов, «Келгин куштар»).

- Сен итсиң! – деди бели түйүк, илбирс көөдөн Учарды. (К. Осмоналиев, «Азаптын тагы»).

- Ой, ит, ой доңуз! – деди Маамыт, Сейдаалы узап кетер менен Чокмордун жанына келип. (С. Сасыкбаев, «Чокмордун тагдыры»).

Адатта, жаныбарларга салыштыруу менен адамды кемсинтүү же кээрлөө негативдик боекчо менен тартылат. Кыргыздардын турмушунда ит, доңуз, көркоо арам жаныбарлар катары сыпатталгандыктан, адамга карата терс мааниде колдонулуп калат да, бул номинация «коннотациялык же өтмө мааниде конкреттүүлүктөн абстракттуулукка өтөт да, адамдык сапатты билдирип калат» [Өмүралиева, 2009: 20].

Көркөм тексттеги диалогдордо экстралингвистикалык, инвективалык каражаттардын колдонулушу чыгарманын табигый, жандуу өтүшүн шарттап, каармандардын тилдик бейнесин, окуянын интенциясын, динамикасын берүүдө маанилүү кызмат аткарат. Мындай тилдик каражаттар улуттун тил корунун дагы бир баскычын түзүп, изилдөө предметине айланары жогорудагы макалабызда далил боло алды.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Б.: «Учкун», - 2009.

2. Байжиев М. Мезгил барактары: Аңгемелер жана повесттер. – Ф.: «Кыргызстан», 1987. – 320 б.

3. Бейшеналиев Ш. Тандалмалар. Повесттер. – Ф.: «Мектеп», 1978. – 468 б.

4. Кыргыз повесстери жана аңгемелери / Түз. К. Жусупов. – Ф.: «Кыргызстан», 1987. – 396 б.

5. Өмүралиева, С. Азыркы кыргыз тили. Лексикология [Текст] / С. Өмүралиева. – Б., 2009. – 136 б.

6. Усубалиев Б. Түн. Повесттер. – Б., 2009. – 412 б.